С кыргыз
Т 25

С кыргыз
Т-25

Мен көргөн
назар

А. Айра 1996 ж.
пед фак. 1-курс.

Книга должна быть
возвращена не позже
указанного здесь срока

Количество предыдущих
выдач



С корг
Т 25

## Кармышак Ташбаев

# Мен көргөн жаздар

АБОНЕМЕНТ

439390

# ЫРЛАР



## МЕНИН ЖҮРӨГҮМДӨГҮ ИЛЬИЧ

### I

Ильичке суктанышкан акындар да,
суктанган Ильич дагы акындарга.
Мага Ильич чындык болуп жанып турат,
көз жеткис алыстан да, жакындан да.

### II

Ал дайым жумшаганда кыйылбаган,
жалгандын кулу болуп сыйынбаган.
Ал көргөн теңсиздикти, ачкалыкты,
элдерди көздөн жашы тыйылбаган.

Ал биздей ата-энеге каралашкан,
ал кээде оюн-зоокко аралашкан.
Бирок да бир жолу да кеткен эмес,
ал биздей жолдошуна карабастан.

Сапарда жаанда калган, карда калган,
ал биздей жеңил жолду тандабаган,
калтырып бүгүнкүсүн эртеңкиге
Өмүрдө өзүн-өзү алдабаган.

III

Ар дайым сыйлап өткөн улууларды,
андыктан улуулуктан улуу жанды.
Ал биздей шайкелеңдик кылган эмес,
бактарда күткөн эмес сулууларды.

Ал күткөн бойго бүткөн түйүлдүктүн
жетилип жарык күнгө төрөлүүсүн.
Ал күткөн чет өлкөдө Петербургдун
кыпкызыл туулар менен бөлөнүүсүн.

Ал күткөн бул кылымдын беш, жетинчи
жылдарын алоонуп көккө тийген,
ал күткөн жаш бөбөктүн эртеңкисин
жашыруун бешигинде терметилген.

Ал үчүн Ильич дайым ойго тунган,—
оңдолгон тезистердин эрежеси.
Өчпөстөн таң аткыча жанып турган
Ильичтин жарык чачып терезеси.

Ал бөбөк — Революция, Ильич күткөн
(такшалтты, басты татаал жолу менен).
Ал биздей жомок уккан апасынан,
жомокту жасап жатты колу менен.

Чатырап Революция тутанды да,
кыйратты кандыктарды катуу согуп...
Октябрь деген сөздүн тамгалары,
кийилди жер шарына шакек болуп.



Жер бети теңчиликке чулганды бир,
жер бети эркиндикке сулууланды.
Дал ушул күндү күткөн Владимир,
кечтерде күткөн эмес сулууларды.

Ал күткөн Разливден Надяны,
ал күткөн түрмөлөрдө далай катты...
сандарын «Искранын» жаңы-жаңы,
элине түгөнбөгөн таалай-бакты!..

IV

Ильич да ачкалыктын даамын таткан,
көп кийген көйнөктөрдү жыртык, айрык,
Элдердин ишенимин өчүп жаткан
элдердин өздөрүнө берди кайрып.

Ильич да жокчулукка чыдап барган,
турганда кыйындыкка тунуп өлкө.
Ал биздей ачкасына сатып алган
дүкөндөн кезек күтүп жарты бөлкө.

Эмне үчүн биз Ильичти улуу дейбиз?
Жүрөккө жакты ысык жылуулукту.
Тынымсыз күрөш менен жеңип алды
эл уулу улуулуктан улуулукту.

* * *

Мекениме билбей эмне берерди,
эмгек менен сүйүнтө албай мен элди,

2—1377

келем түтөп,
куйкаланып өрттөнүп,
калк көзүнөн качыра албай денемди.
Дүйнө тарып —
аба жетпей ачыкта,
деңиз тарып —
суу сыяктуу кашыкта,—
намыс колу чеңгелдеди мыжыгып,
намыс колу кысып мени ийиндей,
лиралардын жибегинен кийинбей
өчөмбү мен —
бир тартылган ширенкенин чийиндей?!

Мекениме билбей эмне берерди,
калк көзүнөн качыра албай денемди.
Сүйүнтөм деп, сүйүнтө албай
келем түтөп, бир боор элим силерди.

* * *

Доорум бу — эсептөө, саноолор,
тактоолор бу жердин жашын да,
миллиард өнөр бар, өмүр бар
доорумдун тоголок башында.

Доорум бу — өлчөөлөр, ченөөлөр
эртеңки басуучу жолдорун,
жылдыздан ар жакка сунууда
созултуп кубаттуу колдорун.

Доорум бу — түстөрдүн куймасы,
карасам көздөргө кубулган,



ааламга тараган жаңырык
ааламды аралап угулган.

Бара‌ктоо, оргуунун уюгу
жылдызга чачырап төгүлүү.
Миңдеген кылымдан жаралды
мына ушул доорумдун өмүрү.

Доорум бу — бүгүнкү жаш адам
жаңыдан жаңысы бүтпөгөн,
артына өкүнүп караган,
алдыга сүйкүмдүү тиктеген.

Башталуу — табылуу, ачылуу
басуулар эң улуу из менен,
өлүмдөн өмүрдү жаратып,
өлүмдөн өмүрдү издеген.

Доорум бу — эсептөө, өлчөөлөр,
тактоодо ааламдын жашын да,
миллиард ачылыш жашоодо
доорумдун тоголок башында.

## ОКТЯБРЬ

Ээ кыйырсыз кең мейкиндик табылбай,
эркин куштун канаттары кагылбай
турган чакта жарк этκенсиң, Октябрь,
сен чыгыштын карасы жок таңындай.

Кең мекеним сени менен гүлдөдү,
кең мекеним сени менен күн көрдү.

Карт денелер сени менен жашарган,
кубангандан көздөрүнө жаш алган.

Эркиндиктин нуру тийип нечеңге,
Жер-жерлерде жарык жанды шам чырак.
өөдө туруп, кубат берген бечелге.
Чарт жарылып муздар эрип, шаркырап,
Бириктирдиң алыс менен жакынды,
Октябрь деп койгон элим атыңды.

* * *

Оңой болду карыларга жашаруу,
оңой болду кайра баштан жасалуу,
аралыктар миллиард эсе кыскарып
жоголууда кат жиберүү, кат алуу.

Мезгил бизди жаңылмачтай жаңылтып,
көз ирмемде укмуштарга кабылтып,
жылдыздарга кетип жатат адамдар
туулуп-өскөн эне-жерин сагынтып.

Аалам жапжаш турган менен гүл болуп,
автоматтар турган менен тил болуп,
атомдорго күйүп кетти кагаздай
Хиросима, Нагасаки күл болуп.

Тарых айтат: «Кылым болбойт чыгымсыз»,
мен жашабайм арак, вино, чылымсыз,
бул күндөрдүн тамырынын кагышын
аппараттар санашууда тынымсыз.

Өмүрлөрүн чындыктарга арнашып
санагы жок келген адам кармашып,



ошол күткөн мезгил келди — жүрөгүн,
эскилерин жаңысына алмашып.

## АТМОСФЕРА

Дайралар, өзөн, сайлар, күңгөй, тескей—
көз жеткен жерлер мага болуп чектей,
бардыгы үнсүз карап таң калтырат,
аңкаям сырларына акыл жетпей.

Кат алам досторумдан сагынычтуу,
кат алам сүйгөнүмдөн жалынычтуу,
дүңгүрөп жер жаңырткан кабар келет:
«Ракета жылдыздарды жанып учту!»
«Ракета жылдыздарды жарып учту!»

Адамдын акыл күчү топтолгондой,
адамдын акыл күчү октолгондой,
адамдын акыл күчү жерге сыйбай
атылып мейкиндикке жок болгондой.

Күн — борбор, жер болсо аны тегеренет,
акылдар тор сыяктуу желеленет.
Ракета чексиздикке сиңип кетип,
ракета чексиздиктен кайра келет.

Начальник оозу менен жалын бүркөт,
жер карап кошаматчы көзүн сүртөт.
Жаз келет жаш баладай күлкүгө бай,
күз келет булуту көп, күнү бүркөк.

Суктанам чын жүрөктөн чыккан үнгө,
суктанам алоолонуп күйгөн Күнгө.

Чындыктын баатырлары — Глезостор
Күрөштө жатышса да түрмөлөрдө.

Жашоого бардыгы тең келип кеткен,
Жашоодо аз гана адам чекке жеткен,
мезгилди көзөп өткөн эрдиктер бар —
ок болуп бара жатып эрип кеткен.

Ким берет жат колуна эне — жерди,
ким уксун баскынчыдан жемелерди.—
чыгышта — Вьетнамда коргошундар
кызылга боёп жатат денелерди.

Жарышат көңүл чиркин рельса окшоп,
Шыңгырайт телефондор тынымы жок.
«Алынып башка жүрөк салынды»—дейт,
...жолдошум жанын сыйпайт чылымы жок.

## АТЫЛГЫН АФРИКАМ

Күн болун алоолонгон тилегиңер,
Чынжырга көнүп бүткөн билегиңер.
Кайгыда эркиндикти эстей берип,
Күүлөнгөн гитарадай жүрөгүңөр.

Бактыңар дайра болуп башталбаган,
Бактыңар жолдой болуп төшөлбөгөн.
Башталган күрөш кайра ташталбаган,
Күрөштөр өлгөн менен эч өлбөгөн.

Бактыңар көөдөй түнгө окшош тура,
Жетишет, үргүлөөнү токтоткула!



Атомдук кылым келди алдыңарга,
Досторду, туугандарды жоктошкула.

Коркунуч денеңерге дүр деп тиет,
Карт тарых өз бетине доорун чиет.
Адамзат кантип гана теңсиздикке
Термелип макул болуп башын иет.

Элсиңер сактап келген ата салтын,
Көтөрүл эркиндиктин оту жансын.
Баш ийип тизе бүгүп жашаганча,
Кургабай көлчүктөрдө кандар калсын.

## ДҮБҮРТТӨР

Кыймылдар толуп турган көчөлөрүм,
күндөрүм — кармалбаган көпөлөгүм.
Дүбүрттөр селт эттирет, башымды мен
салмактуу ойлоруман көтөрөмүн.

Тунжурайм. Таң каламын замандарга,
бороондо чыйыр салган адамдарга.
Бир алдын капа болсом жашаганга,
бир алдын сүйүнөмүн жаралганга.

Ырдап кал созолонтуп ырың барда,
өмүрлөр өчөт болбой ырымдарга.
Дүбүрттөр жүрөгүмдөн токтой өтүп,
кайрадан сиңип барат кылымдарга.

Ыйым бул: акты жашым себеленип,
уулум деп шолоктоду эне келип,

үндөрү жоокерлердин жаңырыктап,
денеси жатты жерде тебеленип.

Ыйым бул: кандуу күндүн салаалары,
денемди тытып-тилип малалары.
Өтсө да 8000 күн андан бери
дүбүрттөр кулагымдан тарабады.

Ырым бул: күйгөн жерлер көгөрүштү,
дыйкандар жерге соко чөгөрүштү,
айыкты тыртык болуп жарааттарым,
жоокерден жетим балдар төрөлүштү.

Күлкүм бул: аба серпет канаттарым,
кеңейип барат улам тараптарым,
жер шарын кучагыма кысып алып,
ырларга толуп жатат бактарым.

Күндөрдүн өтүп жатат күлүктөрү,
бейпилдик — адамзаттын үмүттөрү,
бирок да туш тараптан угулгансыйт
ыйлардын жоболоңдуу дүбүрттөрү.

Дүбүрттөр жүрөгүмдү сүргүлөгөн,
дүбүрттөр жүрөгүмдө күңгүрөгөн,
силерди үнүм менен жоготом да,
мен өзүм дүбүрт болом дүңгүрөгөн.

## КЫРГЫЗЫМ

*Жол бастың жоокердей сан кылым,*
Түгөнбөс түбөлүк тагдырым.



Тоолорго себилген үрөөнүм,
Көңүлдү жашарткан жамгырым.

Күйөөрүм — жакыным, алысым,
Мен эңсеп келаткан калысым.
Алтайга, Памирге тентиген,
Үркүндө кырылган тарыхым.

Арытып кылымдын чектерин,
Мезгилге бозоргон чепкеним.
Ок тийген жаралуу кийигим,
Ок тийген жаралуу кептерим.

Сенсиң го түгөнбөс ырысым,
Арыган тулпардын сынысың.
Айгайлап чабышта карс этип,
Колумда бөлүнгөн кылычым.

Бычагым сактаган курчтугун,
Басканым — учурган учкунун.
Душманга карата кезелип,
Ташты уруп канаган муштумум.

Кыйноодо мен тарткан жазыгым,
Өмүрүм түгөнбөс азыгым.
Кетсем да өзүңө кайрылган
Тагдырым байланган казыгым.

Өткөрдүң азаптын мезгилин,
Өткөрдүң жылдардын тездигин.
Эрадан эрага келаткан,
Жоголбос сабы алтын кездигим.

3—1377

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
439390
Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

## ТООЛОРДУН АРАСЫНДА

1

Ырлар тарайт чокулардан түздөргө,
а түздүктөр сүрөт болот тоолорго.
Коонздуктарды катып алып көзүнө,
адам жашайт коркунучтуу зоолордо.

Кең жайлоонун этек, жеңи жайылган,
жер бетине күн нурлары сайылган!
Карагайлуу ашуулардын боорунда
койчу жүрөт коюн тосуп, кайырган...

2

Койчу тиктейт кечти көзү кырча атып, —
тоо артында тоолор жатат учкашып,
ак булутту артып алып мойнуна
алп аскалар сапар тартат жүк ташып.

Топ-топ болуп бузбай өз-өз жиктерин,
төшөп коюп көк тулаңга ичтерин
койлор жатты таңкы орокко камынып,
кырсылдатып курчутушуп тиштерин.

3

Чапанына кара көөдөн тыш кылып,
кечтер кирет улам бери жыш жылып.
Иттер чуулдап, кыйкырыктар түндү айрып,
дуулдатып бороон күчөйт ышкырып.



Түндү жалап арча күйөт чатырап,
койлор үркүп, койчу тышка шашылат.
Аздан кийин бейпил түндү чочутуп
кош ооз «тарс!» деп, коргошундар чачылат.

4

Түн ичи да мылтык түшпөй колунан,
а күндүзү таяк түшпөй колунан,
адам жашайт бороондордун ичинде
кайрып коюн аскалардын боорунан.

Көздүн курчун кырсыктарга октошуп,
бар кубатын кырсыктарга топтошуп,
жүрөктөргө тынчсыздыкты уютуп,
адам жашайт тоолор менен достошуп.

## АВТОПОРТРЕТ

Тиктеймин жер четинен жердин четин,
тиктеймин кратерлүү Айдын бетин.
Бул менин жашоомдогу турмушум бир,
бул менин өзүм — автопортретим.

Бул менин күн көзүнөн айбыкканым,
бул менин күтүп алган айлыктарым,
бул менин ички-тышкы саясатым,
бул менин ички-тышкы кайрыктарым.

Кээде мен чайпалуудан, төгүлүүдөн,
түгөнөм коштошуудан, бөлүнүүдөн.
Эскирем мезгилдерге буюм сымак,
жыртылам көйнөк өңдүү сөгүлүүдөн.

Кээде мен жолоочумун сартору атчан,
чаалыгып сапарында бара жаткан.
Алсызмын чексиздиктер дүйнөсүндө,
дан ташып кумурскадай жанын баккан.

Кээде мен ташкын болом дүңгүрөгөн,
Дантенин жүрөгүндөй жанып турган.
Акындар алаамында бир байкушмун
ырымды араң сыгып сарыктырган.

Кээде мен ташкын болом дүңгүрөгөн,
бүркүттөй эркиндикте күндү көрөм.
Кээде мен турмуштун бир кейипкери
«жазам» деп столумда үргүлөгөн.

Кээде мен куса болуп сагынгандай,
кээде мен чатыраган жалындардай,
канымда электрондун заряддары
шилтенет түнгө кылыч чабылгандай.

Барамын күн батаарда, атаар таңда,
барамын бирдей сапта катарларда.
мени бир жаштык, сүйүү ырлар алдайт
эң татаал, эң алыскы сапарларда.

Сүйүүбү, же болбосо жол улуубу?
зарыгып күтөм дайым жолугууну.
Көрөмүн бороон толгон көйнөгүңдү,
куюндар ороп алган жоолугуңду.

Сагыныч мөмө болуп шагымды ийген,
сагыныч кекенүүдө муштум түйгөн.
Көрөмүн көздөрүңдү толкун баскан,
кашыңды канат болуп учуп жүргөн.



Доордомун чатыраган агым бардай,
жер шары дарбыз болуп жарылгандай.
Доордомун сагынышкан жылдыздарды
Алыскы Ата-Журтун сагынгандай.

Доордомун жоктон барды түзүп өткөн,
Ай жолун ракеталар сүзүп өткөн.
Доордомун миллиард жолдор кесилишкен,
жер бети шаарларга күжүлдөшкөн.

Доордомун жоктон барлар түзүлүүчү,
космостун сыры алмадай үзүлүүчү.
Доордомун бардык-бардык адам уулу
эң улуу идеяга биригүүчү.

Тиктеймин жер четинен жердин четин,
тиктеймин кратерлүү Айдын бетин.
Бул менин жашоодогу багыттарым,
бул менин өзүм — автопортретим.

## БАГЫТ

Чекитмин — кыймылдардын борборумун,
салаасы жер чеңгелдейт колдорумун,
булчуңум аба жутат, нурду жутат,
шорголойт ысык тери жондорумун.

Көтөрүп кадам таштайм оор жүктү,
көтөрүп баскан жолум жердин үстү.
Ыр издөө — өмүр издөө. Мынча кымбат,
тырмалап тырмактарым канап бүттү.

Кыйналуу ыракаты кандай артык!
Кыйналдым өзүмдү өзүм ташка жанчып.
кээ бирөө тизгинимди жылоолошот
бараткан багытымдан бура тартып.

Айланам, алыстыктар күңгүрөнөт,
тамырлап көкүрөктө бир гүл өнөт.
Тумандуу түндөргө мен туш болсом да,
көздөрүм Айды көрөт, Күндү көрөт.

Ойлоном: кезек жетип баары карыйт,
такасы ташка сынып, тулпар арыйт,
адашып акыл-эсин жоготсо да,
агарган чындыктарды жүрөк тааныйт.

Ойлоном: мынча жыргал кумардануу,
жаштыкка, сүйүүлөргө кумар кануу,
бирок да ушунчалык өкүнүчтүү
жаш өлүп, карылыкка жетпей калуу.

Ойлоном: турмушка алгач басканымды,
ишенчээк, үмүткорок жаш чагымды.
Мен сени жолдо жаткан жолборс көрүп,
артыма кетенчиктеп качканымды.

...Чекитмин — кыймылдардын борборумун,
салаасы жер чеңгелдейт колдорумун,
мен көздөп барам татаал багытымды,
шорголоп ысык тери жондорумун.

## ЖЕРДИН ЫРЫ

Мен — апаңмын,
онтоп жатып төрөгөн,



турпагына, шамалына бөлөгөн.
Суусуңуна мөлтүр кашка суу болуп,
таянарга тооң болуп жөлөгөн —
мен апаңмын.
Мен — апаңмын,
тарткан өөдө колуңдан,
мен — жол болуп баштап жүргөн соңуңдан.
Кубанарга тартуу кылып көркүмдү,
не бир таттуу жемиш берген боорунан —
мен апаңмын.
Мен — апаңмын жашоо үчүн бүлүнгөн,
каны менен кайгы кошо жүгүргөн.
Бомбаларга тыртык болуп ыраңы,
Найзаларга денеси бүт тилинген —
мен апаңмын.
Мен апаңмын —
бороондорго кайыккан,
жүк көтөрүп бели бүкүр майышкан.
Миң-миллион жылдар ичи төрөгөн
баласы үчүн,
кабыргасы кайышкан —
мен апаңмын.
От менен ойнобочу эми, балам!

## ҮСТҮРТӨН ЖАЗЫЛГАН ЖОЛДОР ЖӨНҮНДӨГҮ БАЯНДООЛОР

I

Жолдор бизди шаарлардын жүрөгүнө алпарат,
жолдор бизди аскалардын кылда учуна чыгарат.
Жолдор бизди жип сыяктуу жетелеп,
жолдор бизди күн сыяктуу кубалап
биздерди улуу максаттарга чакырат.

II

Бул жолдордун такасы жок, такалуу
аттар өткөн. Адам өткөн капалуу.
Бул жолдордон өгүз өткөн кыбырап,
ушакчы өткөн өзүнө-өзү шыбырап.
Эне баскан өз баласын көтөрүп,
оорулуу жан өткөн чыгар жөтөлүп,
койчу жүргөн коюн айдап, чаң болуп,
хандар өткөн күлкүлөрү таң болуп,
балдар өткөн өңөрүлүү уктаган,
кыздар өткөн көшөгөдөн чыкпаган,
мергенчи өткөн таш бараңын асынып,
дыйкан өткөн тагдырына басынып,
ууру өткөндүр караңгыда жашынып,
жигит өткөн сүйгөнүнө ашыгып...
Акын өткөн жомоктогон кылымды,
баатыр өткөн тоготпогон өлүмдү,
шайыр өткөн, ырдап өткөн көңүлдүү,
кайгы жана капалыкты, өлүмдү.
Ушул жолдор көргөн көптүн караанын,
ушул жолдор өпкөн көптүн таманын.

III

Бул адамдар бакыт үчүн күрөшкөн,
бул адамдар жол боюна
ашууларга түнөшкөн.

IV

Бул адамдар жолго чыккан —
күн кылкылдап горизонтко батаарда,
бул адамдар жолго чыккан —



Ай кылайып, кыштак эли жатаарда,
бул адамдар жолго чыккан —
чыгыш жактан таң кашкайып атаарда.
Адам барда жолдор такыр түгөнбөйт,
жолдорго чык,
жолдорго, дос, сапарга!

V

«Кийинки жаш
биз көтөргөн кыйындыкты бөлүшсүн,
ченин көрсүн биз аткарган көп иштин,
улуу жолду басып өткөн экен деп,
улуу ашууну ашып кеткен экен деп
бизден кийин ушул жолдон
ташка баткан изибизди
көрүшсүн!»..

## КОМУЗ

Сагынгандай Жеримди мен
жүрөгүм күү сагынды.
«Чертип койчу» деп сурандым мен андан.
Комуз «зың-ң-ң» деп керегеден алынды.
...Манжалар бүт кыл үстүндө бийледи,
кылдар тап-так жүрөк сырын сүйлөдү,
үйдүн ичи толуп, ташып күүлөргө
унутулган кайгыларды эскерип,
комуз өзү ыйлап-ыйлап буулукту.
Сыртта Буурул качыратты суулукту...
«О, замандар,
сенин үнүң бул комузда катылуу.
Ушул комуз бизден канча жаш улуу!»

4—1377

Айланам бүт жаңырыктап алыска,
Ата журтум сүйлөгөндөй туюлду.
Коктулардан суулар акпай тап-такыр,
коктуларга жалаң күүлөр куюлду.
Шамалдар да шуудурашпай агышты,
балдар дагы токтотушту жарышты,
баары тып-тынч, баары үнсүз, кыймылсыз,
айланам бүт селейишип калышты.
...Бир карасам комуз турат
керегеде илинип,
а комузчу сыртта жүрөт
малын айдап жүгүрүп!

## КАПЧЫЙГАДА

Кез-кезде сөздөр сүйлөп талашабыз,
жол арбыйт улам күчөйт тамашабыз.
Таңданып табийгаттын кооздугуна,
аскага көз шооласын таратабыз.

Кооздукту жүзүбүзгө аздан сүртүп,
бараттык аттар жылат улам илкип.
Буралган бурулуштан бурчук-бурчук,
капталган таштар турат суута түртүп.

Чокулар тикчийишип үрккөн кулак,
боорунда ракета — таштар турат.
Шагылдар жолду тороп кээ жерлерде,
аттардын туягынан төмөн кулап.

Бул жерди жаратылыш сыйлагандай,
сулуулукту сулуулук туйбагандай.
Аркардын козусунун үнү чыгат,
арчадан жап-жаш бала ыйлагандай.



Жарык күн кетип жатты улам тарап,
алыскы тоо боорунан оттор жанат.
Шарт этип токой жактан дабыш чыкса,
кулагын тикчийтишет аттар карап.

Жылдыздар жымыңдашат жанып-өчүп,
тоолордун сансыз суусун тепчип өтүп,
жол бизди улам бийик өргө тартат,
Ай чыккан асман жакка көкөлөтүп.

Кез-кезде сөздөр сүйлөп талашабыз,
жол арбыйт, улам күчөйт тамашабыз...
Алыскы жайыттарга алма жүктөп,
дайранын бир учуна баратабыз.

## КЕЧКИ КӨРҮНҮШ

Кечке күн алоолонгон отун жагып,
жакындап түнөгүнө — тоого батты.
Узун, учтуу ийнелери көктү сайып,
бизде жок баалуу жибек учук менен
этегин асман-жердин жөрмөп жатты.

Айлана бул сүрөттү сүйүп жатты,
салынды аска башы кызгылт жоолук.
Өрт болуп тоонун арты күйүп жатты,
бардык жак аздан кийин чүмкөнүштү
калгансып сулуулукка көздөрү ооруп.

Жоолугун кызгылт-сары уурдап алып,
дайынсыз Күн бекинип качып кетти.
Үлпүлдөк аска башы жылдыз жагып,
түшүргөн бир байламын келиндердей,
чачтары көөдөй түндүн булак этти.

## ТАЛАА

Жаштыктай көк жашыл мелтиреп,
сүртүнбөй кып-кызыл эндикти,
аягың адырды тепкилеп
сиңирип өзүңө кеңдикти,

жайылган жууркандай төшөлүп,
салмаксыз абаны көтөрүп,
булуттай ак карлуу тоолорду
жаздыктай башыңа төшөнүп

ойлордой тунжурап уюган,
жатасың, талаам, сен чыйырсыз,
мен келип өзүңө куюлам,
өзүңдөй болом го кыйырсыз.

Башыңдан бутуңа күн жылат,
денеңе нурларын сындырат.
Деңиздей ак куулар жоголгон
жатасың чалкалап, тунжурап.

Жол жүргөн жоргону арытып,
жол баскан адамды карытып,
жаз алды чыгышка учушкан
турнанын канатын талытып...

Көз курчу эч жетпейт караган,
алыссың түбү жок санаадан.
Бурчуңда жок болот жаңырык,
мылтыктын үнүнөн тараган.

Шиберге жамбаштап олтурсам
гүлдөрүң жап-жашыл топучан.



Күүгүмдө ырдаган булагың
келиндей келаткан чолпучан.

Өзүңдөй кеңдикти батырып,
келем мен моторчон ашыгып...
Койнуңда бир түнөп өтсөмчү
ак тамак таңыңды атырып!

## КЫЗ КУУМАЙ

«Кыз качты» деген сөздөр токтой өтүп,
кубаныч жүзүмдөгү жанып-өчүп,
зымырап келе жаткан кыз, жигитти
карашат бардык адам көздөрү өтүп.

Ар-намысы жалындап жигит келет,
жебе жетпес Кашканы минип келет.
Алда кайда жигитке караандатпай
ат үстүндө ап-аппак булут келет.

Күлүктөр ушундайча чыңалышат,
жигиттер ушундайда сыналышат.
Жеңдирген жигит тарап уялышып,
жеңишкен сулуу кыздар кубанышат.

Мынчалык талааларга гүл ачылган?
Ар кимдин жүздөрүндө Күн ачылган.
Кыз куумай ушунчалык тездикте өтөт,
мергендин огунан да бир атылган.

Мынчалык кымбат, баалуу ушул мүнөт?
Сүйүүгө магдырашат бардык жүрөк.
Аралап адамдардын толкундарын
кыз эмес, ат үстүндө аккуу жүрөт.

* * *

Октой көзөп бороондордун денесин,
эске салып баатырлардын элесин,
камчы менен булуттарды айра чаап,
тоо жигити сен жылкы айдап келесиң.

Кыш денесин кырка басып туяктар,
жакындашат улам бери дүбүрттөр...
Бир карасам бул өйүздөн өйүзгө
учуп өтүп жаткан экен күлүктөр.

Жылкычынын кайратынан муз эрип,
укуругун найза сымак жиберип,
куюн жетпес жылкыларды кайырды,
куюн жетпес күлүктөрдү имерип.

## КӨКБӨРҮ

Салактап буурул жалда торпок жүрөт,
Карылар калтырашып, балдар күлөт.
Жигиттер ат үстүндө бийге түшүп,
Камчылар кылыч болуп аба тилет.

Чабендес ойнойт аттын башы менен,
Туяктар от ыргытат ташы менен.
Жебедей топту көзөп тобурчактар,
Карашат чалдар көздө жашы менен.

Жалындап бүт денелер жаккан оттой,
Жарышып аттар учат катар октой.
Адамдар кумар менен бара жатып,
Адамдар ат үстүнөн учат топтой.



Карышат көкбөрүдө карылуулар,
Күлүктүн күлүгүнө багынуулар.
Күтүрөп топ сүрүлүп бир жагына,
Чатырап пайда болот жарылуулар.

Күч-Ата чыгат анда топтон атып,
Аргымак аба тиштейт оозун ачып.
Качырат суулуктары болот тиште,
Алкынат омуроого көбүк чачып.

Кулакты чуулдаткан сүрөөн күчөп,
Макташат күйөрмандар күйүп-түтөп.
Укмуштуу ушул оюн кызыл чоктой
Күн батып күүгүм кирген кезде бүтөт.

## ФРОНТТОГУ СӨЗ

— Тургун, жолдош, агып жаткан кан үчүн,
кек алабыз, неге минтип жатабыз!
Согуш деген күрөш тура нан үчүн,
өлбөй калсак узак жолду басабыз.

— Октодуңбу мылтыгыңды азыртан,
капилеттен ажал колун салбасын.
Экөөбүзгө эки ок кетет атылган,
чөнтөктөрдөн сигаретти албасын.

— Кеттик анда... Убакытка карабайт,
(калың карда буттарды араң жылдырат).
— Котелоктун азабы өттү аябай,
баскан сайын жонго тийип кыңгырап.

— Фронт... күрөш... Кимдер... бизге кеңешти?
Эстеп үйдү сагыныч даамын татабыз.

Жеңиш деген канга келет эмеспи,
эсен болсок узак жолду басабыз.

...Кетишти алар таңда токой аралап,
кары түшүп калды чырпык солкулдап.
Эне карайт босогодо сагалап,
коркунучтан эт-жүрөгү болкулдап.

## ГОСПИТАЛДА

Врач билди
ок жүрөктүн челин жарып өткөнүн,
врач билди
өмүр Күндөй тутулуп,
өмүр оттой өчкөнүн.

...Балдар айтчу бул солдаттын мүнөзүн:
«Бош убакта жалгыз барып карачу
койнундагы сүйгөнүнүн сүрөтүн...
Кээде гана ууртунан жылмайып
тамашада токтоо кармап бир өзүн,
тээ алыскы талааларга тигилчү
кандайдыр бир кусалыкты жашырып,
кеч киргенде негедир ал басынып,
постко кетчү автоматын асынып...»

Баратканда токойлорду аралап,
бомба түштү жер денесин жаралап.
Бул солдаттын көйнөгүнөн
кан куюлду салаалап...
Ушул бомба жарып кетти
анын бүткүл үмүтүн,
ушул кармаш... госпиталда эки күн.
Эми көрчү түбөлүккө атпаган



бул солдаттын көздөрүндө эки түн.
«...Бош убакта ала коюп карачу
койнундагы сүйгөнүнүн сүрөтүн...»

## ЭСТЕЛИК

Азууларын адамга кылып капкан,
бир мезгилде бул жерде согуш жаткан.
Ушул көрктүү кыштакты канга боёп,
ушул жерде үч жашар Мираны аткан.
Саман кылып майкандап көп үйлөрдү,
тебеледи согуштун дөңгөлөгү.
Ошондогу кармаштын күбөсү өңдүү
ушул үй окторго жыртылып кала берди.

Көп жылдар...
Дубалдары жаанга түлөп,
эскирген эшигине Сагыныч түнөп,
бозоргон бөлмөсүнө Кусалык уктап
чатырын сансыз куштар кылып түнөк,
талкаланган терезеден
жол жүрүп
чарчап келген
Бороон кирет.
Ушул үй эстеликке тура берет.

## АК ЖАНА КЫЗЫЛ ТҮСТӨР

Ак тилек көкүрөктө уюп бакты,
ак тойдун шаан-шөкөтү жүрүп жатты.
Ак бөлмө — ак жүрөктөр бирге сокту,
агарган аппак тоонун таңы да атты.

5—1377

Ак бата — аттануучу алыс сапар,
коштошту ак тилектер катар-катар...
Аппак жол — эң алыс жол аягы жок,
ак жоолук... кайгыларда көзгө басар.

Ак үйлүү, ак булуттуу жылгам калды,
ак түндөр-айлуу түндөр ылдамдады.
Алыска алпарам деп ак сүйүүмдү
ак кагаз тамгаларга курмандалды.

Ак талаа, ак булуттуу аппак асман,
ак дайра ак көбүктүү агып жаткан.
Ак буйрук — ак милдетке каршы туруп
капкара такктар келет батыш жактан.

Кып-кызыл октор учат кулак жарган,
кып-кызыл жалын күйөт өчүп-жанган,
кызылга боёлуптур аппак жоолук,
кызыл жаш көздөрүмдөн жерге тамган.
«Кызыл өрт, кызыл аба, кып-кызыл жер,
кызыл Күн — кызыл кирпик, кыпкызыл сел...
өмүрдүн даамы чыгып кермектелген,
кыпкызыл кыйкырыктуу кызыл тилдер!

Кызыл туу, кызыл жоолук, кызыл жылдыз,
кызарган кызыл кылыч колдо сынгыс!
Көзүнө кан куюлган күндү карай
кыйкырып баратышты Кызыл Кыргыз».

...Ойгондум. Өмүрүмдү колума алып...
Кызылдар жоголушту жарып-жарып.
Жанымда ак халатчан сестралар...
Өлбөпмүн!
— Салам өмүр!
салам жарык!



## ООРУЛУУ АКЫНДЫН МОНОЛОГУ

Алыкулга

Мен бастым Ата-журттун оюн-кырын,
досума айттым сырым, айттым чынын,
башкага кезегинде калп айтсам да,
чынымды ырларыма айткандырмын.

Кыздарга сүйөмүн деп баргандырмын,
гүл сатып сүйүнүчтө алгандырмын.
Мен алдап ошол кызды кетсем дагы,
алданып башкасынан калгандырмын.

Бирөөлөр мени сүйүп жалынгандыр,
көрбөсө көрсөмчү деп сагынгандыр,
бирөөлөр жаман көрүп мени тилдеп,
бирөөлөр менден катуу таарынгандыр.

Кайгылуу ойго батып чөккөндүрмүн,
көчөдөн ойлуу басып өткөндүрмүн,
ыр окуп досторумдун арасында,
какшатып кастарымды кеткендирмин.

Өмүрдө жамандыкка барганым жок,
уятка эл алдында калганым жок.
Бирөөлөр мени сүйбөй чанып кетти,
мен чанып бирөөлөрдү алганым жок.

Такатып өмүрүмдү бычагыма,
сайрадым чоочун бактын бутагында.
Бир ирет аялыма жалган айтып,
уктадым башка аялдын кучагында.

Ыр төктүм нөшөрлөтүп каламыман,
тердедим сулуулардын жамалынан.

Аралап бактын ичин, колум менен
мен үзүп алма жедим сабагынан.

Кыдырып эл ичинен жыйын көрдүм,
ызатын, бирөөлөрдүн сыйын көрдүм.
Карызга бирөөлөрдөн тыйын алып,
карызга бирөөлөргө тыйын бердим.

Алданып учкул күндөр жетегине,
аз эмгек кылып калдым Мекениме,
агасын арттагылар кечиришээр,
көз жетип алсызыраак экениме.

Жаштык да албууттанып сапырылып,
бул күндөр келип кетти атырылып,
ооруга бүт денемди кишендетип
эми мен олтурамын басырылып.

Мен бастым Азиямдын оюн-кырын,
досума айттым сырым, айттым чынын,
башкага кезегинде калп айтсам да,
чынымды ырларыма айткандырмын.

Таң атса буудан болуп жолго чыгам,
калп айтып ырларыма эмне кылам?!
Билемин жер жаңыртып өтөрүмдү,
өлүмдү көзүм менен көрүп турам...



## ЭЛЮАР ЖАНА ЭРКИНДИК

«Сени билиш үчүн, сенин атыңан чакырыш үчүн төрөлгөмүн Мен, Эркиндик!»
Поль Элюар.

Эркиндик деген сөздү жазып жарга,
кумдарга, кышындасы музга, карга,
тоолорго, талаа түзөң, аскаларга,
жашыл гүл, жаңы чыккан арчаларга.

Эркиндик деген сөздү жазып Жерге,
эркиндик деген сөздү берип элге,
эркиндик деген сөздү шоола кылып
таратып бүгүнкүдөй эртеңдерге...

Сөздөрдү октой сактап: «Жылуулукту»,
«Ишенич», «Чындык», «Бөбөк», «Сулуулукту»,
«Ачылыш», «Тууган», «Жолдош», «Эрдик», «Отту»,
Перини[1] жана дагы «Улуулукту».

Эң улуу адамдарды сүйүп жандап,
эртеңки бара турган жолду тандап,
тебелеп эбегейсиз кара түндү,
замандаш Пикассонун колун кармап.

Жек көрүп кайгырууну, өкүнүүнү,
жек көрүп азыраакка кечигүүнү,
Камданып зор сапарга — Улуу жолго
Элюар чыдам менен күтүп турду
эң улуу чечилүүнү.

1. Гавриэл Пери гитлерчилер тарабынан атылганда Элюар ага арнап ыр жазган.

## САПАРГА ЧАКЫРУУ

Маркум Турдалы Алыбаевдин тирүүсүндө жазылган ыр

«Буттарым шишип, ооруп калды,— деген,
көңүлүм да кубанууга жарды,— деген
кат алдым кечээ күнү иште жүрүп,—
жүрөгүм кыйноолорго жанды»,—деген.

Дос сага колум бошоп келалбадым,
кайгыңды тең экиге бөлалбадым.
Кечиргин мен алдыңда айыптуумун.
ооруңду бирге жүрүп жеңалбадым.

Жан досум, сагынаарым жандай сүйгөн,
ооруга, ыза ойлорго оттой күйгөн,
мен келдим колтугуңдан жөлөгөнү,
чыкчы, дос, кетеличи оорулуу үйдөн.

Ой-санаа мени дагы кыйнайт, кыйнайт,
ар-намыс, ызаларга жүрөк ыйлайт.
Чарчоону кийинкиге калтыралы,
эңсөөлөр толуп-ташып ичке сыйбайт.

Келдик биз жүксүз куру далай жерге,
чаалыгып, чарчап, курлай батып терге...
Белди буу, оорумун деп жата бербе,
сапарга аттаналы!
Мингин ээрге!

## ОЙЛОРУМ

Ойлорум — башымдай жумалак,
токтобой мезгилге куланат,



тынымсыз жер шарын айланып,
тынымсыз жер шарын кубалап.

Ойлорум — кыз тою тойлошкон,
жаза элек ырларым ойлонгон.
Ак тилек жумушчу түн ичи
сменге барам деп ойгонгон.

Эң ынак сүйгөнүм сагынган,
жүрөгүм кайгыга жарылган.
Чатырап асманды тең бөлүп,
токойду кыйраткан чагылган.

Кастардын маңдайын канаткан,
айбаттуу жоокерим жаракчан.
Максаттуу тирүүлүк кыймылым,
жүк тартып сапарда бараткан.

Ойлорум — кербеним чөлдөгөн,
көз жашым кайгыга көлдөгөн.
Уругум айдоого себилген,
буудайым жамгырсыз өнбөгөн.

Сенсиз мен көктөбөй кыркылам,
эскирем, чапандай жыртылам...
Таш чапкан балтадай мокоймун,
деңизге чөккөндөй тумчугам.

## СТУДЕНТ

Баскычка бут койдуң жаш адам,
максатың азоодой качаган,
турмушту китептен үйрөнүп,

турмушту китептен жашаган.
Эринди  эсепке түлөтүп,
сезимди ойлорго бүлөтүп,
нукура балалык кыялды
досуңдай койнуңа түнөтүп.

Дарактуу айылың элестеп —
тоолордун баштары — элечек.
Жомоктой кызыктуу көрүнөт
сен беттеп бараткан келечек.

Жаштыктай жаш болуп көчөлөр,
жакшы ырлар жаңырган кечелер.
Абийир канында дүрүлдөп,
ар-намыс колуңдан жетелээр.

Алсыздык артыңа сүрүлүп,
арчылдык канында жүгүрүк.
Түндөрдүн денесин көзөйсүң,
түгөнбөс сырларга үңүлүп.

Айларың токтобос зымырык,
айланган күндөрүң чыгырык.
Сүйүүнүн көздөрү ирмелет
түндөрдү койнуна жымырып.

Убакыт эң кымбат тумардай,
жылдарың тоо ашкан улардай.
Билимиң — берилип ойногон
уткан же уттурган кумардай.

Ийилчээк темирдей жатышкан,
адамсың жашоого ачыккан.
Көз айнек тагынып турмушка
белгисиз сапарга ашыккан.



## ТОО ТАРАПКА БАРАТКАНДА

Жол алыс... барар жерим тоолор тарап,
тургансыйт күтүп мени тоолор карап...
Канча көп токтой берсе автобус да,
жүрөгүм дал ошончо жараланат.

Автобус учат желдей, сөздөр күчөп,
жадатты жанымдагы чылым түтөп.
Көк түтүн алачыктан созолонуп
оюма сүт бышырган апам түшөт.

Алыста адыр, талаа жыбыраган,
токойлор жалбырагы шыбыраган.
Кайрадан күздү көрөм саргыч ыраң
жамгыры бариктерге дыбыраган.

Сай, өзөн чөгүп менин көздөрүмө,
сиңүүдө мага дүйнө — өзгөрүлмө.
Гозолор жол боюнда өспөй калган,
окшошот халтурщиктин сөздөрүнө.

Алыс жол... Тоолор тарап барар жагым,
талыкшып, куушурулуп уюйт далым.
Ныксырап кетип барам көп ойлорго, —
кээ бирде кейип жаным, жыргап жаным.

## МЕН КӨРГӨН ЖАЗДАР

Жаз көрдүм —
бир кезде бир топ бала тоого барган,
жарларга көгүчкөндөр уя салган.
Жаз көрдүм бир мен үчүн кубанычтуу,
текей жеп, түн киргенче тоодо калган.

Жаз көрдүм —
жарылган бүчүрлөргө шыбактары,
от жанган байчечекей — чырактары,
чогултуп букет-фонарь колдо күйүп,
безилдеп чуркап жүргөн курактары.

Жаз көрдүм —
жарыкка атып чыккан чырычтары,
айдоого жаап жаткан уруктары,
чарт этип, жер айрылып чөптөр жайнап,
чагылган-жылаан сойлоп булуттарды.

Жаз көрдүм —
тоолорго кар алыстап качып кеткен,
жайнатып жаш майсаны чачып кеткен,
толкундай толкуп учкан торгойлору,
ак калпак Ала-Тоому жашыл чепкен.

Жаз көрдүм —
Бир кезде отун үчүн тоого баргам.
Кеч келип караңгы үйдө чырак жанган.
Жаз көрдүм бир мен үчүн өкүнүчтүү,
төшөктө байкуш апам ооруп калган...

## ЖАШОО БУЛ — СУЛУУЛАРДЫ КҮТҮҮ ЭМЕС

Айтышат: «Үйүң-жайың, малың болсо,
эшикке эккен жашыл багың болсо,
карачач, кара көзүн бакырайтып,
баркыңды баалай билээр жарың болсо.

Эске албай кыйындыкты баштан өткөн,
суктанып жашыл чөпкө жаздагы өскөн,



унутуп бул дүйнөдө бар экениң
бейпилдик турмуш менен жашап өтсөң...»

Жашоону мен андайча түшүнбөймүн,
«жашайсың сен эмнелер үчүн?» деймин.
Ааламды жалгыз ирет таанып өтөм,
кайрадан бул ааламга күтүлбөймүн.

Жашоо бул — ортолукта калуу эмес,
көргөндү көрбөдүм деп тануу эмес,
жашоо бул — кол сунганга бере билүү,
кол созуп, өзүң кайра алуу эмес.

Кечтерде сулууларды күтүү эмес,
шыңгытып коньяк, вино ичүү эмес.
Кетирген күнөөң үчүн ооруп калуу,
кекейип «Волгаларга» түшүү эмес.

Сел болуп жазбай күчтүү өкүрөңүн,
апкелет кубанаарын, өкүнөрүн,
душманың жараласа токтолбостон
жаралоо душмандын да көкүрөгүн.

Татаалдык — жолдор өйдө, жолдор эңиш,
күтүүдө албан-албан биздин көп иш.
Жашоо бул — ийрилбеген аппак кебез,
жашоо бул — согула элек аркак-эриш.

* * *

Жаштыгым мезгил менен сүрүлүүдө,
түп-түз бой жерге карай бүгүлүүдө,
даректай бутактарым агарууда,
даректай жалбырагым күбүлүүдө.

Чопого колу-бети киргилденген,
кечээ эле жарыктыкка биз бир келген
бала элек ойноп уктап, ойноп турган,
бала элек кыйындыкты түк билбеген.

Кечээ эле жигит элек — жаш бала арстан,
аңдыган терезени кыздар жаткан.
Күндөрдүн алмашылган көйнөгүнө
тоолордун алмаштырып гүлүн таккан.

Көчөттөр мөмө берди кечээ сайган,
мобул шаар келе калды кайсы жайдан?
Былтыркы биз жолуккан жайкы түндөй
тамшантып өтөт тойлор, өтөт майрам.

Көчөдөн элдер чубайт оңдо-солдо,
бөбөктөр бешиктеги бүгүн жолдо.
Мезгил не? Токтобогон суубу, желби?
Жүгөнсүз арыбаган улуу жорго.

Жер шары күндүн шарын айланууда,
шартталдык биз да жердей айланууга.
Барабыз мезгил деген жорго минип,
карылык арканына байланууга.

## АР КЫЛ КЕҢЕШТЕР

Жашаганча жемелерге басылып,
жашаганча эл артына жашынып,
журт каарына калгычакты тирүүлөй
өлгөн жакшы өзүңдү-өзүң атынып.

Жаткычакты салкын жайда мамыкта,
таш төшөнүп уктаган оң жарыкта,



мезгил жетти орбитага атылчу, —
бизди «Куран» салып келген калыпка.

Ыйга чөгүп, жерге төгүп жашыңды,
жашаганча төмөн салып башыңды,
жыгылсаң мээлеп ошол касыңды
өлгөн артык колго кармап ташыңды.

Жаш кезиңде жалындуу бол октолуп,
эр жеткенде жакшы калган токтолуп.
Элиң үчүн оорубаса көңүлүң
бул ааламдан өткөн артык жок болуп.

Сен башкадан суранбагын берсе деп,
басындым деп качпа үйүңдөн эртелеп.
Сен турмушка чөгөлөбөй шылкыйып,
сен турмушту мингениң оң желкелеп.

«Байкуш ушул чоңойду эле күлдү жеп,—
көзүң өтсө айтат,— басмырт жүрдү» деп.
Мен турмушта уютулуп жашабайм,
мен турмушта кайнайм, оргуйм дүңгүрөп.

## ӨМҮРЛӨР

Аскалуу жолдун алмаз таштары көп,
тоолордун биз билбеген жактары көп,
мезгилдин кызыл нурлуу жүзүбүзгө
билдирбей салып кеткен катмары көп,
бир көрсөң кечээки эле эр жигиттин
агарып буурулданган чачтары көп.

Өмүр — жол, жарышуулар, жанашуулар,
көздөгөн максат үчүн кармашуулар.

Өмүр — жол, чексиздикке улануучу,
эскиси жаңы менен алмашуулар.
Жашоодо адам өжөр калышпайбыз.
Намыска кара жанды карыштайбыз.
Күнүгө улам жакшы күндү күтүп,
өрөпкүп улам алга арыштайбыз.

Адашкан түндөрдөгү жанган оттой,
карасаң тирүүлүктөй кызык жоктой,
жүрөккө көп нерселер уюп калат,
жаңылып Карагулга тийген октой.

Өмүрлөр отко көндү, окко көндү,
ысык, суук, ач калууга, жокко көндү.
Жаштыгым ит ээрчитип мени таштап,
Эми эле тоо тарапка кеткен өңдүү.

Бул жерде болмок эле кандай арман,
закону табигаттын башка салган —
жаштыгым жоокер сымак айылынан
согушка жөнөп кетип келбей калган.

Күн өтөт билинбестен кезек менен,
кеч кирсе талыкшууну сезет денем.
Ата журт жүрөгүмдү сагынтпаса
дүйнөнү дубанадай кезет белем.

Жылдардын салган изин сүртүнөбүз,
билинбей мезгилдерге бүркүлөбүз.
Өмүргө тойбой такыр кумарчыдай,
сыры көп кызыктарга түртүлөбүз.

Кээси тынч, кээси ыйлуу, өжөр өктөм,
ойлосоң далай кандуу мезгил өткөн.
Тирүүлүк кызыксың ээ тагдырыңдай,
берметтей колдон түшүп көлгө чөккөн.



## ТОРГОЙ

Күн да батты...
Алакандай түн жамынып,
алакандай жерге жатты.

Таң сөгүлдү!
Көз жашындай тоголок шоола жутту.
Түртүлүү үчүн асманга
чийдей бутту
таканч кылып,
атылып абага учту!

Толкун жасап канат какты,
тоо, талаага нөшөрлөп күүлөр акты.
Мактап торгой лажазды
өз тумшугун калам кылып
ырлар жазды.

## САГЫНУУ

Бүркөк асман жарк дегенсип чагылган,
байкоосуздан жалыныңа кабылгам.
Бүт эркимди курчап алып махаббат,
жалгыз сенин элесиңди жамынгам.
Азыр мен да ойлоп сени олтурам,
ошол күндөр бүткөн өңдүү канымдан.

Жымыңдашып, жанып-өчүп чырактар,
али эсимде бирге олтурчу убактар.
Жүрөктөрдүн кагышканын тыңшачу
Алыс калды алма жыттуу булактар.
чертчү эле го түгөнбөгөн күүлөрүн
миң кайталап музыкалуу булактар.

Таппай такыр махаббаттын айласын,
сагындым мен жолукчу күн ай башын.
Мурункудай күтүп турам азыр да
булбул куштун терезелемден сайрашын.
Ар убакта жолукчу элек бакчадан,
айтчы деги, асылкечим, кайдасың?!

## АЯЗДАГЫ СҮЙҮҮ

Экөөбүзгө кышкы аяз каарын чачып,
муздуу колун «үшү» деп бетке басып...
А биз жүрдүк ысылап, койнубузга
сүйүү деген муздабас жалын катып.

Кыш — сүрөтчү. Суктандык сүрөттөргө,
токтой калып биригип мүнөттөргө,
көпкө жүрдүк суукту тоготпостон,
жаз акынды бекитип жүрөктөргө.

Шамал силкип ачуулу канаттарын,
ун элетти шаардын дарактарын.
Дал ошондо өзүңө айрып бердим
ыр жазылган дептердин барактарын.

## ЖАЗ

Жаз келгенде чалдар дагы жашарат,
жаз келгенде кемпирлер да жасанат.
Эрте кетип тоо боорунан гүл терип,
кеч киргенде келет балдар «апалап».

Жаз келгенде бүт денелер жибишет,
Жаз келгенде бүт эмчектер ийишет.



Көп кыздардын жигит кирип түшүнө,
көп жигиттер түшүндө кыз сүйүшөт.

Жаз келгенде бөбөктөр да сүйүнөт,
жаз келгенде баары жашыл кийинет.
Өлгөндөр да жаз келгенде түйшөлүп,
жаз келгенде ташка да кан жүгүрөт.

Сокурлар да жаздын өңүн көрүшөт,
Оорулар да жазга мээрим төгүшөт,
жаштык келип дарактардын түбүнө
жаштык кездер бирин-бири өбүшөт.

* * *

Сенсиз мен болом жаралуу —
сенсиз мен кайдан айыктым,
сенсиз мен жалгыз калагы
деңизде сүзгөн кайыктын.

Сен жокто денем муз болуп,
жалыны качат сөзүмдүн,
алдыга карайм суз болуп,
соолгонсуп бири көзүмдүн.

Сен жокто өңүм бозоруп,
туңжурай берчү адатым,
талпынып карыш учалбайм
сынгандай бир жак канатым.

Сен жокто жашоом көңүлсүз,
көктөбөй калган кайыңдай.
Өзүңсүз жашоо — өмүр суз,
балдары жок айылдай.

Сен барда сөзүм сапаттуу,
сен жокто көздөн кан аккан.
Сен барда ырым канаттуу
тоолордо учуп бараткан.

А сенсиз жүрөк жаралуу —
а сенсиз кайдан айыктым,
сенсиз мен жалгыз калагы
деңизде сүзгөн кайыктын.

## БИРГЕ БАРЫП КЕЛЕЛИ ДЕГЕН КҮНҮ

«Биз киного бирге барып келели»,—
деген күнү апаң келип айылдан,
тилдеп сени кой барбагын дегенби
жоксуң, күттүм көлөкөлүү кайыңдан.

«Гүл терели, тоого бирге чыгалы»,—
деген күнү жамгыр төктү челектеп.
Үйдө калдык. Өттү күндүн убагы,
өкүнүчтүү качан кабар берет деп.

А эртеси өткөндө саат экиден
бардым сага, коюп мында турушту.
Эми... эми өбөрүмдө бетиңден
атаң көрүп, тилдеп бизди урушту.

Кеч да кирди, ыза болуп кекенгем,
чыр-чыр этти чымчыктардын уясы.
«Сен жөнүндө ыр жазайын»,— десем мен
какшып калган ручкамдын сыясы.

Турмуш ушул, жолдору көп сагынтмай,
аны, жаным, жамандык деп түшүнбө.



Түн ичинде сүзүп жүргөн жарыктай
сен киресиң күндө менин түшүмө.

* * *

Күн нөшөрлөп, чартылдады чагылган,
калтыраган колумду артып далыңдан
анда сага далай жолу жалбарып,
анда сага далай ирет жалынгам.
...Силке таштап колумду сен
туруп кеттиң жанымдан...
Ташка тийип, кыйрагандай кабыргам,
жалдыроодо кала бердим жарым жан.
Ушул болду мен сүйүүдөн
таап алгам табылгам.

...Жанып турган ширенке
башы суугa малынган.

## ОШОЛ СӨЗҮҢ

Ошол сөзүң куйкалады
түк өчпөгөн өрт болуп,
ошол сөзүң жан кыйнады
көзгө түшкөн чөп болуп.

Ошол сөзүң чуулу түндөй
үрөйүмдү учурду,
карыш кадам шилтендирбей
тушап кетти бутумду.

Суудай тунук, сүттөй таза.
сүйүүбүзгө уу тамды,

жүрөктөгү розалар
өңдөрү өчүп куурады.

Билиндирбей душман жайган
тордун түшүп бирине,
ишендиңби булбулум сен
ушакчынын тилине?

Ошол сөзүң куйкалады
түк өчпөгөн өрт болуп,
ошол сөзүң жан кыйнады
көзгө түшкөн чөп болуп.

## ЖОЛУГУШУУ

Түн ичи. Карлар жаайт кылак-кылак,
ак караан — аппак чапан, аппак тумак
акырын терезени тырс-тырс урат.

Шашып келин эшик ачат...
Экөө тең кубаныч отун ичке сактап,
экөөнүн жүрөгүндө музыка ойноп,
экөөнүн көздөрүнөн күн чачырап,
экөөнүн денесинде
канча улуу сагыныч эрип,
бирикти эки сүйүү жанып келип!

## АЙБЫГУУ

Качанкы өткөндөрдү кайтаралбай,
ойлуумун өзүмдү өзүм байкай албай.
Көңүлүмө түркүн ойлор, түркүн сөздөр.
шаардагы базар күнкү чайканадай.



Уяңдык эч кимде жок назың менен
сен анда кырчын элең, назик элең.
Жалгыз тал бүчүр сунуп куттуктагам
жасанып келе жаткан жазың менен.

Көл элең чардактарың учкан кайкып,
көзүңдөн турчу дарак чайпалгансып.
Мен сенин терезеңди кайтарчумун
сакчылар өз Мекенин кайтаргансып.

Айбыгып кетээриме, кетпесиме,
айбыгып тосо чыгып беттешүүгө,
турчумун жазгы желге дирилдеген
көз тигип көйнөгүңдүн кештесине.

Күн өттү ырбап жүрөк жарааттары,
ырларга толду кагаз барактары.
Мен сенден жабыркаган сүйүү көрдүм,
айтылбас, ачылбаган камактагы.

Үнүбүз кошулса да үнүбүзгө,
бирибиз сөз айталбай бирибизге,
окууну кыйноо менен бүтүп кеттик,
билбеймин күнөө калды кимибизде?

Качанкы өткөндөрдү кайтаралбай,
ойлуумун өзүмдү-өзүм байкай албай.
Жүрөктө түркүн ойлор, түркүн сөздөр
шаардагы базар күнкү чайканадай.

## СЕЗДИҢ БЕКЕН

Үшүгөндө сени эстесем — оттой жанып,
жол жүрүп бараткanda

сени эстесем —
токтой калып,
каткырып жүргөнүмдө ойго түшсөң —
күтүүсүз мен кайгыланып
жүргөнүмдү сездиң бекен?!

Ар качан, сүйгөн жарым, сени эстесем —
кансырайм миң жеримден арааланып,
сагынычтын түрмөсүн жарып чыгып,
сага карай учкансыйм сабаланып,
саргайып сан жеримден жараланып
жүргөнүмдү сездиң бекен?!

Тоолордо булуттар көп жылып жүргөн,
кез-кезде жамгыр келет дабыратып,
чабандар коюн топтойт, атын минген
бычактай алп тоолордун кырын ашып,
коктуда ыр ойлонуп сен жөнүндө
шүүдүрүмдө өзүмчө шыбырашып
жүргөнүмдү сездиң бекен?!

* * *

Ак сүйүүмдү кантип сен өчүрөсүң,
алп даракты сен кантип көчүрөсүң?
Аскага өсүп чыккан арча сымак
менин сүйүүм денеңди жарып чыгат.
Бүт денең жашыл тартып көктөгөндө
сүйүүмдүн зор кубатын сезерсиң сен,
бүт денең магма сындуу жибигенде
сүйүүмдүн назиктигин сезерсиң сен,
бүт денең чагылгандай от алганда
сүйүүмдүн ысыктыгын сезерсиң сен.
Менин сүйүүм күндөй чыгып нурун чачат,



деңиздей түрмөктөлүп толкуп ташат,
күндү сен өчүрүп көр тийип турган,
соолтуп көрчү деңизди толкундаган.
Мен сени жибибеген таш болсоң да
кубаттуу сүйүүм менен жибитем деп,
муз болгон бүт денеңди эритем деп
сүйүүмдүн көзү менен карап турам,
сүйүмдүн колу менен кармап турам.
Басып жүргөн бир адамча санабастан,
эми сен кетип көрчү?!.
карабастан!..

# ПОЭМА, ЛЕГЕНДА



## ҮЧ ЖООКЕР (ПОЭМА)

«Өмүрдү коргошундар
кыйып жаткан жакка
кетти».

Н. Хикмет.

Коркунуч бой көрсөтүп өөдө турбай,
кырс этип салмагынан бир чөп сынбай,
Коркунуч беш тырмагын октоп алып,
коркунуч жылып келет карышкырдай.

Түн ичи. Днестрдин жээгин бойлоп,
тагылган зор милдеттин камын ойлоп,
дем албай, сөз сүйлөбөй баратышты
жыландай кум үстүндө боорлоп-сойлоп.
Ажалдын канжарына каршы туруп,
он метр он күнчүлүк алыс жылып,
кек кайнап алга карай умтулушат
Мекендин тапшырмасын медер кылып.

Койнуна жолборс чеңгел өлүм катып,
көрүнбөй көздөрүнө коомай басып,
октолгон маузердей желкесине
Коркунуч келе калат улам шашып.

Бут кылып чыканакты арыш созуп,
сойлошот кайраттарга кайрат кошуп,
көзүнө Коркунучтун тике карап,
огуна Коркунучтун жүрөк тосуп.

Айлана улам сүрдүү, улам сүрдүү,
жатышты бетегеге бүрдүү-гүлдүү,
ушул түн уктай албай ооналактайт
көзүндө Коркунуч бар түрдүү, түрдүү.

Тынчтыкты теңге жарып октор учат,
убакыт саат сайын өмүрдү утат,
Сабырдын уйкусу жок, жерин эстейт:
...сүйгөнү тосуп чыгат жайып кучак.

Айтат ал: «Келдим мен,—деп,—канды кечип»,
үйүндө жадырашып белин чечип,
эненин көздөн аккан жашын тыят,
кучактайт уулун улам эркелетип.

...Селт этти. Кучагында автоматы,
койнунда эски, айрылган жардын каты,
жанында жолдоштору, камыш, куурай,
бетине тамды чөптүн муздак жашы.

Сабыр аз түйшөлдү да көзүн ачты,
асманда сан жылдыздар... кандай жакшы,
Түштүктү тээп жаткан калыбында
карады Батыш жакты, Чыгыш жакты.

Кичине шоола тарап Чыгыш жактан
нурларын улам жарык жерге чачкан,
ушул таң булар үчүн сүйкүмдүү таң,
талаада түн жамынып уктап жаткан.

Сыз өткөн жамбаштарга жерде жатып,
из болгон беттерине чөптөр батып,
убакыт аз калганын сезишти да,
үчөө тең кетти ээрчишип тез-тез басып.

Токойго алар келип бекиништи,
жайма-жай шинелдерин чечиништи,
ортого тамактарын коюшту да,
сүйлөштү, өздөрүнчө чечилишти.



Үч жигит. Үчөө тең жаш биздин эсеп,
өмүрдө канча терең суулар кечет,
канча ирет кайгыланат, каткырышат,
канча ирет мындан бөлөк тамак жешет?

Күн узун, бирок кыска булар үчүн,
(өмүрлөр жаралбаган кумар үчүн,
өлүмдү тике туруп кабыл алып
эр жигит эл четинде сынар күчүн).

Сагынган тууган жерде энелерин,
кээ бирөө сүйгөн жарын, жеңелерин,
бул үчөө үмүттөрүн курчутушуп
жыргашты күнгө кактап денелерин.

Аңдууда ажал жаагы шимирилип,
убакыт өтүп жатты чимирилип.
Ордунан Сабыр туруп мындай деди
Отурган Рашид жакка көзүн тигип:

— Баламды сагынып мын аябай мен.
Рашид айтты:
— Сагынган жарым белең.
Баласы жок, жары жок Алик ойлуу
дегенсиди:
— Сагындым мен жеримди кең.

Кыйнаган согуш бүтсө адамдарды,
айланып тууган жерге жетсек экен,
унутуп таштуу, кандуу кадамдарды,
сагынган боордош элге кетсек экен!

XX XX

Кызарып күн да батып бара жатты,
Караштьг Чыгыш жакты, Батыш жакты,
Күн Чыгыш бир башкача ажарланып,
Батыш жак алоолонуп күйүп жатты.

Акыркы чекке алар келишти да,
алдыга тике карап токтолушту,
кан кызып, денелер бүт заряддалып,
каалашты бир атылган ок болушту.

...Өмүрлөр кандай ширин, кандай таттуу,
өмүрлөр кандай кызык, кандай шаттуу,
эгерде толкундарга көз жиберсең
чардактар көлгө тийип, учат ак куу.

Көл бойлоп кайыктарга минсең дагы,
капасыз ажарланып күлсөң дагы,
жашоонун өзү кандай бактылуулук
сапарда канды кечип жүрсөң дагы.

Ойлоду Сабыр ичтен: «Өмүр күчтүү,
эч жерден таба албайсың мындай күчтү».
Бирок да бир убакта Кадыр деген
«философтун» айтканы эске түштү:

«...Сен өлсөң тийип турган күн да өчөт,
жанында көлөкөлүү дарактар жок,
бардыгы көз алдыңдан кайым болот
түндөрдөн бүтүп калган өрөөнгө окшоп.

Ар дайым салам айтып сунган колун
көрүнбөйт маңдайыңдан жолдошторуң,
бүт аалам бир адамга кемий түшүп,
азаят бир адамга баскан жолуң.



Досторуң учурабайт, тааныштарың,
көрбөйсүң түн менен күн жарышканын,
кыздардын күлкүлөрүн эч укпайсың,
элесин жоготосуң сүйгөн жардын.

Көрбөйсүң Ай булутка жашынганын,
көрбөйсүң нөшөр төгүп басылганын,
көрбөйсүң кыштын суук бороондорун,
көрбөйсүң жаздын сулуу жашыл жагын.

Көрбөйсүң көлдүн бети тырышканын,
жээгинде кыз, жигиттин турушканын,
балдардын чыбык минип жарышканын,
короодо короздордун урушканын.

Окулбайт жакшы көргөн китептериң,
оозуңдан сөздөр чыкпай бүтөт кебиң,
акмакпы, азаматпы ылгабастан
боорунан орун берет туулган жериң...»

«...Жок, жалган! Мунун бары чындык эмес!
Биз өлсөк жүрөктөрдө калып элес,
атыбыз бүт дүйнөнү дүңгүрөтүп
кыдырат жердин шарын ашып белес.

Биз өлсөк гүл сыяктуу ачылабыз,
уялып кыз көзүнөн жашынабыз,
көл болуп бороон жүрсө толкундайбыз,
төгүлүп нөшөр болуп басылабыз.

Өлбөйбүз, душманды биз каратабыз,
эрдикти, баатырдыкты таратабыз,
турмушта жашоо үчүн адамга окшоп,
өлбөс үчүн күрөшүп баратабыз!»

Кумсарып Сабыр тике басып келди:
— Катарга тургула! — деп буйрук берди.
Үчөө тең какайышып болуп жансыз,
Мекендин зор буйругу
чымыратты денелерди.

— Жоокерлер!
Өзүңөр өзүңөрдү соттогула,
муштумга эркиңерди топтогула,
чатырап өрт болуучу кезек жетти,
алдыда кыйындыктан коркпогула!

Күндү биз күлкү менен батыралы,
таңды биз жеңиш менен атыралы,
эгерде зор кармашта курман болсок
таң менен гүлдөй болуп ачылалы.

Буйругум: бир акылга токтолобуз,
душманга үчөөбүз тең ок болобуз,
мээленип жүрөгүнө бир атылып,
керек болсо өзүбүз да жок болобуз.

Жоокерлер!
Өзүңөр өзүңөрдү соттогула,
муштумга эркиңерди топтогула,
чатырап өрт болуучу кезек жетти,
курусун өлүмдөн эч коркпогула!

...Өбүштү, кучакташты, чегип чылым,
өлкөнүн кыйын күнүн, кыйын жылын
ойлошуп баратышты өлүм кечип,
кайгылуу карап турду биздин кылым.

Жалтанбай жер жаңырта сүйлөш үчүн,
кайгынын булуттары жүрбөс үчүн,



жоокерлер баратышты өлүм кечип
согуштун жалынына күйбөс үчүн.

Бөбөктөр ыйлабастан күлсүн үчүн,
ааламда тынчтык оттой күйсүн үчүн,
жоокерлер баратышты өлүм кечип
эркиндик жер бетинде жүрсүн үчүн!

## САН-ТАШ (ЛЕГЕНДА)

Айтылып далай жомок, далай ырлар,
арадан өткөн экен миң-сан жылдар,

чертилип далай комуз, далай күүлөр,
болуптур бул жерде көп өзгөрүүлөр.

Мындан да тоолор бийик жаткан экен,
мындан көп сайларда суу аккан экен.

Жап-жашыл кезегинде ушул жерлер
жашаптыр тоо койнунда баатыр элдер.

Көчмөн эл көчүп-конуп өткөн экен,
оттору далай жанып-өчкөн экен.

Жайлоосу гүл жыттанып жашыл жака,
болбоптур ошол элде кайгы-капа,

жанашып жылдыздарга үмүттөрү,
токулуу турчу экен бүт күлүктөрү.

Айыгып ок көзөгөн тыртыктары,
октолуу турчу экен бүт мылтыктары.

5—1377

Кырчылып туяктарга чырычтары,
кыңгырап кында сүрдүү кылычтары,

ошол эл жашабаптыр басынышып,
жоо келсе киришчү экен качырышып,

железе чимирилип кулундары,
жомокто калган дешет мунун баары:

Сүйүп тоону араң келген кырды ашып
мергендерди, жигиттерди сынашып,

аргымагын ташка желбес такалап,
чымын жүрбөс жайлоолорду жакалап,

күмүш сырлуу үзөңгүлөр кагышып,
кайчы кулак аргымактар жарышып,

той өткөрүп, кыз күйөөлөп, кайындап,
салт-санаалап, жорго минип айылдап,

кылдай ичке өзөндөрдү өрдөшүп,
ак булуттуу тоонун койнун жердешип,

ай чапчыган азоолорду үйрөтүп,
аска-зоодон арча, кайың сүйрөтүп,

ач көз болуп башка журтка катылбай,
жалган жерден жалгыз бир ок атылбай,

кылыч кармап, намыс кармап колуна,
тосуп коюп тоону душман жолуна,

намыска бек баатыр бир эл жашаптыр,
ошол элди көчмөн эл деп атаптыр.



* * *

Ошол кезде жалаң канжар жаландап,
жүрөктөргө коркунучтар кадамдап,

«кан», «кан» дешип кызыл канды сагынтып,
айлуу түнгө кылыч мизин чагылтып,

атагына тең жарылып таш дагы,
кыйылышып күнөөсүздүн баштары,

бардык журтка күндө заары чачылып,
Азияны чеңгелине батырып,

булут каптап, кайгы каптап себелеп,
аргымактар чөл, талааны тебелеп,

денелерден кызыл кандар чачылып,
ат такасы тамга болуп басылып,

далай элдин бий-амирин жалынтып,
улуу дайра Сырдын боюн багынтып,

канжарларга далай жүрөк тилинип,
сыйыртмакка далай баштар илинип,

суук жыландар кирип далай коюнга,
буйрук күчөп, аркан батып моюнга,

атак-даңкы бардык жерге угулуп,
улам жаңы жерге колу сунулуп,

жарыялап күндө жаңы жардыгын
аксак Темир жүргүзгөн дейт хандыгын.

* * *

«Багынттым,— деп,— хан аттуунун бардыгын
караттым,—деп,—жер аттуунун бардыгын»

тараган дейт Темир хандын жардыгы:
«Багынбаган ааламда эл-журт калдыбы?»

Жооп беришет: «Багынбаган эл да жок,
ат туягы жетпей калган жер да жок,

улуу ханга карабаган көл да жок,
улуу ханга кол көтөрчү жоо да жок».

улуу ханга карабаган тоо да жок,
улуу ханга кол көтөрчү жоо да жок.»

Жаткан кезде хан тынчытып санааны,
ордосуна укмуш сөздөр тарады:

«Туп-тунук миң-сан суулар салаасында,
алыскы улуу тоолор арасында,

эч кимди душманым деп санабаган,
баш ийип башка журтка карабаган,

уулдары жебе жетпес күлүк минген,
кайгысыз, капасы жок өмүр сүргөн,

шамдагай, баатыр жоокер эл бар дешет,
баспаган чоочун тулпар жер бар дешет...»

...Бул сөздү айтыш үчүн басып жүрөк
биринчи вазири ойлуу ханга кирет:



«Ханым,— дейт,— бийик тоолор арасында,
белгисиз биздин калктын баласына,

күлүк чаап күндөй жаркып ойноп-күлгөн,
карытып кылымдарды жашап жүргөн,

эзелтен тоону сүйүп мекендеген,
чабам деп башка журтка кекенбеген,

тоолорду кайберени кыялаган,
аскасын бүркүттөрү уялаган,

жолдору ашууларды аралаган,
найзасы как жүрөктү жаралаган,

качанкы замандардын сырын билген,
балдары азоолорго ыргып минген,

хандыкка багынбаган эл бар экен,
биздин аттар жетпеген жер бар экен...»

Ачуулуу Аксак Темир жерди карап,
Ишенбей укканына, ойго батат.

Укмуштуу бул кабарга аң-таң калып,
кылычын күмүш кындан сууруп алып,

болсун деп башкаларга да бир сабак
бир шилтеп вазиринин башын алат.

Калтылдап оң колунда болот жарак,
тамчылап миздеринен кандар агат.

Ошондон жазды күтүп, күндү санайт,
бир күнү «сапарга» деп буйрук тарайт!

Чаңытып сан күлүктөр жолду таптап,
жайнаган калың колу жерди каптап,

теминип улам алга камчыланып,
ахалтекин аттары алчыланып,

тоолорго сырдуу жаткан булут ороп,
тоолорго турган дайым жолду тороп,
көз жаштуу уулун, жарын, элин таштап,
хан сүрдүү жигиттерин өзү баштап,

калтырып тууган жерди, тууган жакты
сапарда сан-миң колу келе жатты.

* * *

Асманга көтөрүлтүп далай чаңды,
атырып ат үстүндө далай таңды,

калтырып далай чөлдү, далай чекти,
калтырып талкаланган далай чепти,

калтырып ат туягы тийген ташты,
эң бийик тоолорго алар жакындашты.

Чырактын түнкү күйгөн жарыгындай,
дүрт этип өчкөн оттун жарыгындай,

түлкүсү кырдан качып булак этип,
тоодактар жатты алыска учуп кетип.

Бүлдүркөн, карагаттар... чөптөр жыттуу,
көрүштү тоодон учкан сансыз кушту.



Тоолор ээн, эч ким мында жок сыяктуу,
жайнаган кызгалдактар чок сыяктуу,

жашарып бир башкача жердин өңү,
айланат тоонун кара бүркүттөрү,

туп-тунук сансыз суулар шылдырашып,
кагышып үзөнгүлөр кыңгырашып,

өзөндүн көчүүсүнөн кезектешип
биринчи тоо дайрасын өтөт кечип.

Темир хан тоо суусунан жүзүн көрөт,
көрөт да бир укмуштуу ойго чөмөт:

«...Бул суудан ичкен адам карыбастыр,
бул суудан ичкен күлүк арыбастыр,

Мынча көп тоолор кабат эчен-эчен,
бул суунун башында ким жашады экен?

Бул жерде кандай гүлдөр өсөөр экен,
бул суудан кандай аттар өтөөр экен?

Жолборстой атырылган бул кандай суу,
Бул тоолор неге мынча коркунучтуу?!

Бул жакты мактап айткан сөздөрү үчүн,
жалтанбай тик караган көздөрү үчүн

күнөөгө не себептен калдым экен,
вазирдин башын неге алдым экен?!

Селт этип анан кайра жүзү жаркып,
күлүгүн алдындагы алчылантып,

дагы андан бир ажайып ойго келет,
баарына төмөнкүдөй буйрук берет:

«Сапарга бирге чыккан жигиттерим,
сөзүмдү аткаргыла айткан менин,

бул буйрук орундалат менден баштап,
өткүлө бирден ташты белге таштап».

Жигиттер бирден ташты жерден алат,
айтканы айтканындай орундалат.

Хандын бул укмуштуудай оюн улап
ашууга таштан коргон тургузулат.

Хан үнсүз ойго батат, өңү да суз:
«Качандыр бир убакта укумубуз

бул укмуш бийлигиме көңүл бөлөр,
таштарды ашуудагы санап көрөр.

Багынткан көз жетпеген сансыз жерди,
баштаган миң-миңдеген жоокерлерди,

чеги жок бийликтүүнүн эстелигин
таң калып баш ийишип эскерерин...»

Далайга тунжуроодо ойлоп турат,
турат да аргымактын оозун бурат.

Чабам деп баш ийбеген тоонун элин
алдыга баштап сансыз жоокерлерин,

хандыкты жер бетине таратам деп,
бардыгын бийлигиме каратам деп



кең эмес ашуунун тар жолу менен
келатты жер жайнаган колу менен.

* * *

Эң узак жолдор басып, суулар кечип,
чабам деп душман келген экен дешип

алыскы тоолуктарга бир да калбай
бул кабар тарап жатты чагылгандай.

Согуштук туулгаларын бары кийип,
мас болгон азоолорду кармап минип,

шамалдай тездик менен жапырылып,
жалдары күлүктөрдүн сапырылып,

көздөрү оттой күйүп, оттой жайнап,
белине кыңгыраган кылыч байлап,

өлөбүз бизди өстүргөн эл үчүн деп,
өлөбүз тообуз үчүн, жер үчүн деп

куюлуп жылгалардын салаасынан,
тоолуктар келет тоонун арасынан.

* * *

Темир хан душманына көңүл бөлөт,
аз гана бир түйүнчөк элди көрөт.

Хан ойлойт: «Биздин сырды алган го дейт,
калганы башка жолго салган го дейт.

Болбосо бизди сынап турушабы,
аз аскер бизге каршы урушабы?

Не деген булар мынча сырдуу элдер,
не деген мобу тоолор, сырдуу жерлер?

Билбестен түшөрүнө биздин колго
аз гана эл каршы келет миң-сан колго».

Темир хан түйүнчөктөй топту карап
бул жолу да бир ирет аң-таң калат.

Заматта желбиреген тууну жайып,
заматта бүркүт өңдүү канат жайып,

көчмөндөр сансыз колду бүлүнткөнү,
келатты октой учуп күлүктөрү.

Биринчи эки тарап кагылышты
көчмөндөр кирген тарап жарылышты,

кылычтар адам башын алып өтүп,
жебелер жиликтерди жарып өтүп,

кылычтар денелерге терең батып,
ооз ачат адам башы жерде жатып,

кылычтан кан сарыгып колдо катты,
кылычтар төң бөлүнүп жерде жатты.

Беттерин адамдардын кылыч тилет,
кайрылат күчтүү деген далай билек.

адамдын өлүгүнө кокту толот,
айтылуу кылымдарга жомок болот.



Боёлуп капкара жер кызыл канга,
жүздөрү жигиттердин батып чаңга,

атылып кайра келген жактарына,
кыйшайып ээрлери капталына,

майдандан аттар качат кишенеген,
баш калбай томуйбаган, шишибеген,

эсепсиз чалгы менен кыйгандай чөп
кырылат хандын колу эки эсе көп.

Көчмөн эл бара жатты улам утуп,
шилтенген кылычынан баштар учуп.
качырып карсылдашып салып бүлүк,
душманды бара жатты улам сүрүп.

Карашып акырында абалына,
жардам берип жалдагы жаралууга,

башчысы «кайт», «кайт» деген буйрук берди,
калганы дүңгүрөтүп кара жерди

заматта жоонун сырын билип кетет,
тоолордун арасына сиңип кетет.

Күн батып күүгүмдөрдү оронушат,
душман барбас жактарга жоголушат.

* * *

Темир хан дагы далай жолдор басып,
суу кечип, Көлдөн өтүп, ашуу ашып.

Багынтып далай элди, далай жерди,
багынтып тып-тынч жаткан өлкөлөрдү,

оюнга, сүйүү, күлкү, батып шаңга,
көп жылдар жүрүп узак сапарларда,

кагаздай жайдын аппак таңдары атып,
элине олжо менен келе жатып

хан дагы Көл башында белди ашты,
жигиттер ала чыгат бирден ташты.

Мактанып бул сапардын атагына,
мурунку таш коргондун катарына

ар жигит ар бир ташты бирден коёт,
экинчи бир таш дөбө пайда болот.

Хан өзү салыштырып сырын тапкан —
он эсе кичинекей көлөм жактан,

Темир хан дал ошондо ойго батат:
«Канчасы жигиттердин келе жатат?

Канчасы менин кирбей эсебиме,
канчасы кайтпай калды мекенине?»

Канчасы катарында жүргөн экен,
сан таштын көлөмүнөн билген экен.

Айтылып жүрөт булар уламышта,
Темир хан кайткан экен кубанычта.

Анткени, өлгөн эрлер канча болсо
атагы дүңгүрөгөн дал ошончо.



Макташып хандын даңкын элдин баары
ырдашат тоо, талаанын акындары.

Жомоктоп жайдын салкын кечтеринде
көчмөн эл сактайт муну эстеринде.

Эсепсиз андан бери жылдар өтөт,
жар болуп жер жарылып, тоолор көчөт.

Кайгылуу көп замандар ырын ырдайт,
жер оңуп, суу азайып, сайлар кургайт.

Бул жомок тарап элдин арасына,
айтылып баласынан баласына,

санаксыз кылымдардан токтой өтөт,
коробой биздин улуу күнгө жетет.

Аппак чач замандардын жашындагы
бул ашуу Ысык-Көлдүн башындагы

айтылып эл ичинде жашап келип,
аталып калган экен Сан-Таш делип.

0-50Б

Кармышак Ташбаев

ВЕСНА, КОТОРУЮ Я УВИДЕЛ

Стихи и поэмы

(На киргизском языке)

Для юношества

Редактор Б. Кубатбеков
Художник А. Ерошенко
Худ. редактор Е. Г. Соколов
Тех. редактор Н. И. Концеткина
Корректор А. Казакбаева

Терүүгө 7/V 1970-ж. берилди. Басууга 8/IX 1970-ж. кол коюлду. Кагаздын форматы 70×108¹/₃₂, 3,24 басма табак, 2,65 учёттук басма табак. Д—03376. Заказ № 1377. Тиражы 4000. Баасы 27 т. Киргизполиграфкомбинат Главполиграфиздата Мин. Культуры Киргизской ССР, г. Фрунзе, Жигулёвская, 102.